Кыргыз Республикасынын саламаттык сактоо ардагерлердин бирикмеси
Ассоциация ветеранов здравоохранения Кыргызской Республики



# 100 лет
# Мусаханов Осмон

Бишкек 2023

Научно-практическая конференция, посвященная к 100-летию участника Великой Отечественной Войны, ветерана здравоохранения Кыргызской Республики

# **Мусаханова Осмона Мусахановича**

12 октября 2023 года, г. Бишкек, Кыргызская Республика

**Место проведения:** Национальный центр онкологии, конференц-зал, корпус 6, второй этаж.
г. Бишкек ул. Ахунбаева 92А

**Организатор научно-практической конфиренции:** Ассоциация ветеранов здравоохранения Кыргызской Республики.

Организационный комитет:

**Председатель:** Мусаканов Э. О.

**Состав:** Бекенов М. Э.
Мусаканов О. А.
Мусаханов Н. О. (тел.: 0709 88 45 54)

# ПРОГРАММА

Научно-практической конференции, посвященной к **100-летию** ветерана здравоохранения Кыргызской Республики **Мусаханова Осмона Мусахановича**

| Встреча гостей | 09:30 | Начало | 10:00 |
|---|---|---|---|

| Время | Выступления |
|---|---|
| 10:00-10:15 | Открытие конференции будет представлено Председателю Ассоциации ветеранов здравоохранения КР, экс-Государственному секретарю КР, министру здравоохранения КР, заслуженному врачу **КР профессору Касиеву Накену Касиевичу.** |
| 10:20-10:25 | Приветственная речь ректора КГМА Кудайбергеновой Индиры Орозобаевны. |
| 10:25-10:30 | Выступление ректора Международной высшей школы медицины Ахунбаева Сталбека Медеровича. |
| 10:35-10:50 | Выступление ветерана здравоохранения, заслуженного врача КР, Акималиева Жумана Акималиевича. |
| 10:50-11:05 | Документальный фильм «Осмон Мусаханов! Лечить сердцем». |
| 11:05-11:15 | Перерыв. Кофе-брейк. |
| 11:20-11:25 | Выступление ветерана здравоохранения, заслуженного врача КР Бейшеналиева Айып Бейшеналиевича. |
| 11:30-11:35 | Выступление ветерана здравоохранения Шермамбетова Абдыразака Шермамбетовича. |
| 11:35-11:40 | Выступление ветерана здравоохранения Асанбекова Дуйшоналы Асанбековича. |
| 11:40-11:55 | Выступление заведующего хирургическим отделением Жалал-Абадского областного центра врачебной практики Абдыкалыкова Козубая Орозокуловича. Тема: «Симптом Мусаханова, применяемый в современной медицине». |
| 11:55-12:00 | Выступление директора Национального центра кардиологии и терапии им. М.Миррахимова, д.м.н., профессора Сооронбаева Талантбека Маратбековича. |
| 12:05-12:10 | Выступление экс-первого заместителя министра здравоохранения КР Мамадалиева Тилека Абдыганичевича. |
| 12:10-12:15 | Выступление врача-хирурга Жети-Огузского районного центра врачебной практики Иссык-Кульской области Иманбаева Жумагула Качагановича. Тема: «Как повлиял юбиляр в выборе профессии хирурга». |
| 12:15-12:25 | Выступление вдовы юбиляра Кендирбаевой Умсунай Идрисовны с благодарственной речью. По окончании выступления участникам конференции, оргкомитетом, будут вручены юбилейные медали и розданы книги, изданные в честь юбиляра. |

**Закрытие конференции 12:30 час.**

Приглашение участников конференции на банкет в ресторан «Империал» отель «Достук» на 13-00 час. (Председатель оргкомитета).

Автотранспорт (микроавтобус) – отвоз гостей до ресторана и по окончании банкета – до дома.

| | |
|---|---|
| 13:00-16:30 | Банкет. |

**Улуу Ата Мекендик согуштун ардагери, Республикабыздын белгилуу врачы-дарыгери**
**МУСАХАНОВ ОСМОН МУСАХАНОВИЧТИН**
**100 жылдык юбилейине арналган илимий-практикалык конференцияны алып баруу**
**ТАРТИБИ**

Урматтуу айымдар жана мырзалар!
Урматтуу медицина кызматкерлери жана келген коноктор!

Бугун биз сиздер менен Кыргыз Республикасында медицина тармагынын туптолушуно, калыптанышына жана онугушуно онол тоолой оз эмгегин, салымын кошкон, ошол кезде олконун медицинасын жаңыдан курууда жана онуктурууда Кыргыз Республикасынын баатырлары Иса Ахунбаев, Мамбет Мамакеев жана башка корунуктуу ишмерлер менен биргеликте узонгулош иштеген, элге чоң эмгеги синген Улуу Ата Мекендик согуштун ардагери, Республикабыздын белгилуу врачы-дарыгери Мусаханов Осмон Мусахановичтин 100 жылдык юбилейине арналган илимий-практикалык конференцияны откоролу деп турабыз.

Мусаханов Осмон Мусаханович 1923-жылы Нарын облусунун Ат-Башы районундагы Баш-Кайынды айылында орто дыйкандын уй-булосундо туулган. 1930-жылы аталган айылдагы 7 жылдык мектепке кирип, 1937-жылы аны бутургондон кийин райондун борбору болгон Ат-Башы айылындагы орто мектептен окуп, 1940-жылы аны абдан жакшы окуп бутургондугуно байланыштуу, дароо эле оз айылындагы мектепте мугалим болуп иштеп, эмгек жолун баштаган.

Ал кезде окуу куралдары, китептер мындай турсун, жазганга кагаз жок болгон. Осмон Мусаханович оз ишине тындыгын, активдуулугун коргозуп, райондун борбору Ат-Башыга жоо барып-келип, зарыл учурларда Нарынга чейин барып окуучулар жазганга кагаздарды, газеталарды (анткени газетанын бош жерлерине жазышкан), калем саптарды таап, топтоп, мектебин камсыз кылып турганын эскерип келишет.

Улуу Ата мекендик согуш башталганда, 1942-жылы январь айында оз ыктыяры менен согушка аттанып, 1945-жылга же улуу согуштун аягына чейин катышып, озунун каармандыгын жана кужурмондугун коргозгон, озгочо Сталинград шаарын коргоо боюнча каардуу салгылаштарга катышкан, кийин 1943-жылы Курск дугасындагы салгылашууларда жарадар болуп, андан айыгып чыккандан кийин кайрадан согушка кирген. Ал кийин Туштук Украина фронтунда 236-аткычтар дивизиясынын 509-аткычтар полкунун курамында согушуп журуп, Улуу Женишти Венгрияда тоскон жана дуйнолук согуштун бардык кыйынчылыктарын оз башынан откоргон.

СССРдин Коргоо министрлигинин Борбордук Архивинин документтерине караганда, ал кеминде 4 жолу фронттун масштабындагы

согуштук чалгындоолорго чыгып, тортоондо тен ото маанилуу согуштук билдируулорду камсыз кылган экен.

Согушта корсоткон эрдиктери жана каармандыктары учун «1941-1945-жылдардагы Улуу Ата мекендик согушта Германиянын устунон жениши учун» Медалы менен сыйланган.

Осмон Мусаханович Улуу Жеништен кийин оз айылына келген жана 1946- жылы Кыргыз Мамлекеттик Медициналык институтка тапшырып, окуй баштаган.

Институтта окуп жургондо анын активдуулугун, уюштуруучулук жондомдуулугун баалашып, аны жалпы институттун студенттик профсоюздук уюмунун торагасы кылып шайлашкан. Бул коомдук ишмердиктин алкагында ал коптогон демилгелерди которуп, озгочо студенттерди жатаканалар менен камсыз кылууда, алардын турмуш-тиричилик, окуу-тарбиялык жактан шарттарын тузуудо, жалпы сабактарды оздоштуруудо, озгочо орус тилин уйротуудо, (ал кездерде институтта бир дагы кыргыз мугалими болгон эмес) жана башка коптогон иштерди уюштурган, камсыз кылган.

Ошол кездеги жергиликтуу кадрларды окутуу, тарбиялоо жана остуруу боюнча Кыргызстан Коммунисттик партиясынын Борбордук Комитетинин кадрдык саясатын колдоп, республиканын алыскы райондорунан, озгочо Нарын облусунун, Ысык-Кол облусунун айылдарынан улан-кыздарды озу окуган Медициналык институтка, тиешелуу башка жогорку окуу жайларына окууга активдуу ундогонун, жер-жерлерге озу барып, райондорду , айылдарды туро кыдырып, жаштарды ундоп, ынандырып, аларды арабалар менен борборго озу жеткиришип, жогорку окуу жайларына тапшырткандыгын, андан ары дагы окууларына жардамдашып тургандыгын эскеришип, алардын копчулугу кийин окууларын бутуруп, жакшы адистерден болуп чыккандыгын, алардын ийгилигинде Осмон Мусахановичтин эмгектери зор экенин айтып келишет.

Алсак, Осмон Мусахановичтин ошол курсташтарынын, андан кийинки окуган студенттердин арасынан:

- Исабаева Валентина Абдылдаевна – физиолог, медицина илимдеринин доктору, профессор, Кыргыз ССР Илимдер академиясынын корреспондент мучосу, Кыргыз Республикасыын илимине эмгек синирген ишмери, 1962-1971-жылдарда Кыргыз Мамлекеттик медициналык институттун ректору болуп эмгектенген,

-Алиев Мидин Алиевич- патофизиолог, медицина илимдеринин доктору, профессор, Кыргыз Республикасыын илимине эмгек синирген ишмери,

-Алтымышев Арстанбек Алыбаевич – фармаколог, медицина илимдеринин доктору, профессор, Кыргыз ССР илимдер академиясынын академиги, Кыргыз ССРинин Илимий иштер боюнча мамлекеттик сыйлыгынын лауреаты,

жана башка бир катар олконун медицина тармагына эмгектери синген, корунуктуу окумуштуулар, кесипкойлор жана коомдук ишмерлер чыгышкан.

Медициналык институтту ийгиликтуу бутургондон кийин, 1951-53-жылдарда Осмон Мусаханович академик Иса Ахунбаевдин ординатурасында, аны менен чогуу иштешип, экоо бир клиникада эмгектенишкен.

1954-1958-жылдарда жогорку органдардын атайын жолдомосу менен Ысык-Кол облусунун Ак-Суу районунда «Ак-Суу» санаториясынын башкы врачы болуп иштеген. Ушул жылдарда калкка дарылоо-профилактикалык жардам корсотуудо жетишкен мыкты ийгиликтери учун Кыргыз ССР Жогорку Советинин Ардак Грамотасы менен сыйланган (№3157, 24-сентябрь 1957ж.).

1958-1960-жылдарда кайра чакырылып, Фрунзе шаардык ооруканасынын Травматология болумунун башчысы болуп дайындалып, эмгектенген. Ушул Болумду дээрлик озу тузуп чыгып, калыптандырып, анын иштерин жогорку денгээлге чыгарган. Ал оз кесибинин чыныгы кесипкойу болгон.

Ал эми 1961-жылдан баштап Чуй райондук ооруканасынын башкы врачы болуп абдан жигердуу эмгектенген. Натыйжада, 1963-жылдын март айында Эл депутаттарынын Чуй райондук Советинин депутаты болуп шайланган жана аталган райондун социалдык-экономикалык жактан ар тараптан онугуусуно зор салымдарын кошкон.

Кийин, 1973-жылы Нарын облусундагы медициналык тармакты кадрдык жактан чындоо максатындагы республикалык жетекчиликтин жолдомосу менен Нарын облустук ооруканасында иштей баштаган. Ошол эле жылы, Осмон Мусахановичтин демилгеси менен облустук ооруканада Травматология болуму ачылган жана анын башчысы болуп бекитилген. Бул Болумду дагы жаныдан баштап куруп, уюштуруп чыккан жана Травматология багыты боюнча буткул облустун элин дарылап, 1979-жылга чейин аны жетектеп турган.

Андан кийин, ден-соолугуна байланыштуу которулуп, 1981-жылга, же омурунун акырына чейин ошол эле Нарын облустук ооруканасында тиешелуу башка жооптуу кызматтарда эмгектенген.

Оз кесибинин чебери катары, Осмон Мусаханович эмгек жолунда кайсы жерде эмгектенбесин, оз ишине ото берилгендик менен иштеген, оз убактысын, ден-соолугун аябастан бейтаптарды тынымсыз кабыл алып, дарылап турган. Ага келген адамдардын аягы узулгон эмес. Озгочо Чуйдо, Нарын облусунда, анын ичинде Нарын шаарынын, Ат-Башы районунун элдери анын практика жузундогу жогорку эффективдуу дарылоолорун, иштериндеги илимий-методикалык озгочолукторун, бийик адамкерчилигин, адис катары ото чеберчилигин, кайрымдуулугун жана мээримдуулугун жогору баалашып, эскерип келишет.

Кыргыз Республикасынын баатыры, академик Мамбет Мамакеев оз эскеруусундо мындай дейт: Осмон Мусаханович бизден 3-4 жаш улуу эле, согуштан келгендиктен бизден бир курс мурда окуган. Абдан интеллектуалдуу, салабаттуу, орусчаны таза суйлогон, уюштургуч, сабакты мыкты окучу эле. Биз баарыбыз аны агай катары коруп, окууга, турмуш-

тиричиликке байланышкан маселерге жардам берсениз деп артынан ээрчип журчубуз. Улуу жеништин трофейи катары келген немецтик ондуруштон чыккан кийимдерди дезинфекциялатып бардыгыбызга бекер таратып, бизди бир жыргатканы эсимден кетпейт. Анткени, ал кезде кийим эмес, тамак-аш ото тартыш, элдин турмушу оор болгон. Башкасын айпаганда да, 1948-жылга чейин суткасына 400 грамм нанды карточка менен гана алаар элек.

Эгерде, Осмон Мусаханович практикалык медицинаны, жер-жерлердеги карапайым элдин ден соолугу учун курошту тандабай, борбордо калып оз ишмердигин илимий иштер менен айкалыштырганда бизден ашса ашат эле, бирок кем калбайт эле, деп эскерет академик.

Осмон Мусахановичтин элге, медицинага синирген узурлуу эмгектери жогору бааланып, ал Кыргыз Республикасынын жогоруда белгиленгендей мамлекеттик сыйлыктары, Саламаттыкты сактоо министрлигинин, тиешелуу мамлекеттик жана жергиликтуу башкаруу органдарынын Ардак Грамоталары, Грамоталары жана башка бир катар ведомстволук сыйлыктары менен сыйланып келген.

Алар менен катар, оз мезгилинде «Улуу Жеништин 20 жылдыгы», «Улуу Жеништин 25 жылдыгы» жана «Улуу Жеништин 30 жылдыгы» Медалдары менен, ошондой эле СССРдин Куралдуу кучторунун 50 жылдыгы, 60 жылдыгы Медалдары жана башка бир катар юбилейлик сыйлыктар менен сыйланган.

Ал жубайы экоо эки уул, бир кызды тарбиялап остургон.

Урматтуу коллегалар! Эми ушул конференциянын кун тартибине ылайык, Осмон Мусахановичти жакындан билген, тааныган, анын шакирттерине, кесиптештерине соз кезегин берип, бул кишилердин дагы ой-пикирлерин угалы.

*Соз конференциянын томонку катышуучуларына берилет:*

1. Соз Кыргыз Мамлекеттик Медициналык Академиянын ректору Кудайбергенова Индира Орозобаевнага берилет,

2. Соз Эл аралык медициналык жогорку мектептин ректору Ахунбаев Сталбек Медеровичке берилет.

3. Соз Кыргыз Республикасынын Эмгек синирген врачы, саламаттыкты сактоонун ардагери Акималиев Жуман Акималиевичке берилет.

4. Ал эми азыр, Мусаханов Осмон Мусахановичтин эмгек жолу тууралуу документалдык фильмди королу.

**10 минутага Танапис жарыяланат.**

5. Соз Кыргыз Республикасынын Эмгек синирген врачы, саламаттыкты сактоонун ардагери Бейшеналиев Айып Бейшеналиевичке берилет.

6. Соз саламаттыкты сактоонун ардагери Шермамбетов Абдыразак Шермамбетовичке берилет.

7. Соз саламаттыкты сактоонун ардагери Асанбеков Дуйшеналы Асанбековичке берилет.

8. Жалал-Абад облустук врачтык практикалар Борборунун Хирургия болумунун башчысы Абдыкалыков Козубай Орозокуловичтин «Азыркы медицинада колдонулуп жаткан О.Мусахановдун симптому» темасындагы созуно кезек берилет.

9. Соз М.Миррахимов атындагы Кардиология жана терапия боюнча улуттук борбордун директору, медицина илимдеринин доктору, профессор Сооронбаев Талантбек Маратбековичке берилет.

10. Соз Кыргыз Республикасынын Саламаттыкты сактоо министринин мурдагы биринчи орун басары Мамадалиев Тилек Абдыганиевичке берилет.

11. Жети-Огуз райондук врачтык практикалар Борборунун врачы-хирургу Иманбаев Жумагул Качагановичтин «Менин врач-хирург кесибин тандап алуума Юбилярдын берген таасири жонундо» созуно кезек берилет.

12. Соз Юбилярдын ~~жесири~~ байбичеси Кендирбаева Умсунай Идрисовнага берилет.

*Урматтуу коллегалар, эми Уюштуруу комитети Юбилярдын урматына арналып жазылган китептерди жана тош белгилерди конференциянын айрым катышуучуларына тапшырып алсын.*

Урматтуу конференциянын катышуучулары, ушуну менен Улуу Ата Мекендик согуштун ардагери, Республикабыздын белгилуу врачы-дарыгери МУСАХАНОВ ОСМОН МУСАХАНОВИЧТИН 100 жылдык юбилейине арналган илимий-практикалык конференция оз ишин аяктады.

Бардыгыныздарга келип катышып бергениниздер учун чон ыраазылыкты билдиребиз.

Эми, Сиздерди ушул Юбилейге арналып уюштурулган Банкетке катышуу учун «Достук» мейманканасындагы «Империал» ресторанына саат 13-00го чакырабыз.

Сыртта сиздерди ресторанга жеткируу учун микроавтобус кутуп турат.








ПК

